УДК 323.1:327.3

*Мухамед Исмаил Каюмогли, БГУ*

# РАХМАНКУЛ ХАНДЫН МЕЗГИЛИ ЖАНА САЯСИЙ РОЛУ

*Макалада XX кылымдагы Рахманкул хан өз элинин тагдырын аман-эсен сактап калуу максатында, бир төп өлкө бийлик өкүлдөрү менен бийик деңгээлде мамиле кылып, өз элинин кызыкчылыгын коргоп келген Памирдин кыргыздарынын паспаны болгон бир дипломат. Кудайдын берген жазмышы багымсыз "Кыргыз мамлекетинин" пайда болушуна бир жыл калганда келгис сапарга кеткен кыргыздын акыркы ханы.*

Рахманкул хан 1913-жылы Нургаптын «Тамчы - Жер» деген жеринде туулган. Ал төрт жашка келген кезде, атасы Жапаркул ажы Памирге көчүп келип жашап калат. Экинчи бир кепте Рахманкул хан "Жапаркулдун тун баласы" деп айтылат да, "ал Памирдин (кичи Памирде) "Жаман - Чулук" деген айылында туулганын белгилешет. Сыягы, бул Рахманкулдун чоңойгон, Жапаркулдун Памирге көчүп баргандан кийин жашаган жери болсо керек [1].

1917-жылкы оош-кыйыш мезгилдин коогаланынан өзүнө ишенген кыргыздарды арачалап Ооганстанга, кийин Түркияга өтө качкан, тубаса дипломат Рахманкул Хан барган жериндеги өлкө башчыларына жол таап кирип, өз элин ар кандай кыйынчылыктардан коргоп калууга жетишкен. Анын узак жылдар кылган эмгеги, аны менен бирге күн кечирген уруулаштарынын эсинде [2].

1925-жылы Рахманкул 13 жашка караган кези болчу. Тыңчылар аркылуу Жапаркул ажынын каерде экенин билген орус аскери түндө тымызын келип, аны капысынан басып калышат. Ага чейин көп жолу ар кандай аракет кылып, аны колго түшүрө албай жүрүшкөн. Ошондо уулу Рахманкул атасынын жанында экен. Орустар башка - көзгө тепкилеп: «Сени эмне кылып өлтүрөлү, атып өлтүрөлүбү же дары ичесинби?» деп сурашат. Алардын максаты баары бир аны өлтүрүү болчу. Ошондо Жапаркул ажы эмне деп айтышын билбей, ойлонуп калат. Жанында турган баласы атасынын кулагына акырын: «Ата, даары ичем» деп айт" дейт. Атасы баласынын айтканын угуп: "дары ичем" дейт. Тигил орус каракчылар ата - бала экөөнүн тең оздоруна толтура дары салып, иирип жиберишет. Ошол маалда айылдан кимдир - бирөө сезип калып, эл дүрбөлөң түшүп калганда, каракчылар аттарын минип качып жөнөшөт. Эс — учунан ажырап бараткан ата-бала тигил каракчылар үйдөн качып чыгаары менен жанагы ичкен дарыларын кусуп салышат. Ошондон улам кийин Жапаркулдун оозундагы 32 тиши күбүлүп түшөт. Рахманкул эптеп үйдүн ичиндеги сүзмөгө колу жетип, атасынын оозуна салат. Аңгыча эл кирип келип, экөөнө айран, сут ичирип атып, аман алып калышат.

1942-жылы Жапаркул ажы кайтыш болгондон кийин, анын түйшүгү уулу Рахманкулга түштү. Али 30 жашка чыга элек жигит элинин ачын тойгузуп, үзүлгөнүн улап, чачылганын жыйнап, анын оор жүгүн мойнуна алды. Рахманкул хан ал учурда Афганистан Аксакалдар Кеңешинде өз калкынан өкүлдүк кылуу жана укукка ээ болуу үчүн шайланган [3].

Атасы Жапаркулдун көзү өткөндөн кийин орустар эми Рахманкулдун артынан сая түшүштү. Кезек-кезеги менен капысынан келип, айылды басып, бирок таба албай кайра кетип жүрүштү. Тапса эле атып, өлтүрүп салышмак. Ал турсун бир жолу койчуларды коркутуп, эки-үч миңдей койлорун тартып алып, айдап кетишти.

Аңгыча аскер кийим кийген, 10 ашык атчан орустар айылга кирип келип, Рахманкулду сурашат. Тинтип таппай калышат да, үйүндөгү кезге жакшы көрүнгөн кымбат баалуу буюмдарын алып, кайра кетишет. Акыры Памирдеги ар кандай чыр - чатактардан тажаган Рахманкул хан 1948 – жылы [4]айласыз эли менен экинчи жолу Чыгыш Туркстанга ооп барып, ал жерде эки жыл жашады.

Ошентип эки жыл өткөндөн кийин Рахманкул кайра Памир жерине көчүп өтүүнү ойлоно баштады. Ал оюн акырын ишенимдүү адамдарына айтып, тымызын жолго тамак - аш камдоого киришти. Рахманкул хан 1950-жылы Афган эмири Захир шах менен таанышкан, ал жерде жашаган кыргыздардын мамлекеттик кеңешке өкүлү кылып бекиткен [5].

Рахманкул хан баш болуп Мухаммед Захир шахтын карамагында зор ишенимге эгедер болуп, 1964-жылдан бери Луя Жерге (улуу чогулуш) дайыма катышып келишкен. Алар чыныгында кенен автономияга ээ болуп, бир топ жеңиликтерден пайдаланышкан, салык төлөшкөн эмес, аскер кызматынан бошотулган, бирок аларга чек араны бекем кайтаруу маселеси жүктөлгөн. Же бул аймактын ички шарттарын бир калыпта болушунанбы, же жетексинин жөнбилги, көрөгөч саясатынан уламбы айтор эмнеси болсо да, кыркыздар Кытайга көз каранды болгон мезгилде эгедер болгон укукка толугу менен төп келген укукту алуу мүмкүнчүлүгүнө жетишкен, ошону менен бирге толук эркидиги менен бирге коомдук урп-адаттарын, каада-салтын эркин сактан кала алган.

Бул тууралу Дюпренин "Ооганистан аттуу 1972-жылы Принстон университесинен басылган китебинде дурус баяндалат. Ошондогу болгон кагылушудан Совет тарабынан 9 адам жана оогандык кыргыздардан 3 киши опаат болгон. Ошол кезде Рахманкул Кытайга качып, Кара-Чукур өрөөнүндө 2 жыл (1948–1950) тургандыгы бир кыргыздын эсинде экен. Бул болгон тарыхтын изин 1950-жылы америкалык бир аял эри менен ошол мезгилде Кичи Памирде жана андан кийин Пакистанда болушканда окуяны жариялаган [6].

Рахманкул хан, Афган ханы - Захир шах менен байланышканда, анын маакулдугун алды. Ошентнп, Рахманкул Памирге кайра кайтмак болду. Хан эми көптөн бери ойлонуп жүргөн оюн - Памирге өтүп кетүү планын ишке ашырууга даярданды. Рахманкул хан болсо, элдин мыкты жигиттерине этият болууну эскертип,

аттарын таптап, алыскы жолго камданышты. Көп өтпөй, Курбан айт майрамы жакындап кирип келди. Рахманкулдун эли курбан айт майрамына карата мал сойуп, тамак аш бышырып, боз үйдүн ичинде конок күтүүгө даярдык көргөн [7].

Буга чейин, Рахманкул чек арада турган кытай аскеринин башчысы менен таанышып, аны менен өтө жакын болуп калган болчу. Курбан айт майрамы куну аны аскердары менен конокко чакырды. Кытай офицери чек арага саналуу кароолчуну калтырып, калган аскердары менен айыл аралап майрамдап жөнөштү. Рахманкул хан өз доорунда калкын коргоп жол табыш үчүн, Афганистан же Пакистан, же Туркия сыяктуу барган жериндеги өлкө башчыларына жол таап кирип, өз элин ар кандай кыйынчылыктардан коргоп калууга жетишкен. Көп жазуучулар, Рахманкул ханды аймактык элдер ортосундагы байланышка себепкерчи болгондугуну жөнүндө жана анынмыкты дипломат болгондугун жазышкан.

Ошентип хан амал менен элин аман-эсен Кытайдан алып чыкты. Жолдо эли менен бирге ашуу ашып, суу кечип, бир туурам нанды бөлүп жеген күндөрү да болду. Анын эң башкы, түпкү максаты, өз элин Кытайдан алып чыгып, Кыргыз жерине, Кыргыз элине алып келип кошуу болгон. Ушундай катаал заманда, калктын милдетин моюнуна алып, аны коргоп, колдоп алып жүрүү ар кимдин эле колунан келе бербеген иш. Рахманкул тубаса башчы гана болуп жаралбастан, айла тапкан акылдуу, тайманбаган жүрөктүү баатыр, жол тапкан таланттуу элчи болбосо, мындай татаал милдетти аткаруу колунан келмек эмес. Анткени, ошол мезгилде Памирдин чокусун бир жагынан орус каптап келатса, экинчи жагынан - Афган чеңгелдеп, үчүнчү тараптан - Пакистан колун сунуп, төртүнчү капталдан Кытай кысып келаткан. Ушундай учурда, ошондой улуу мамлекеттердин кызыкчылыктары кесилишкен жерде жашаган бир көчүш элге ким башчы болот да, калктын тагдырын ким моюнуна алат эле? [8].

Алар совет бийлигиндеги режимге каршы тургандыгы үчүн басмачылар катары куугунтукталып, биринчи Кытайга барышат. Ал жакта да ошол көрүнүш кайталанып, андан ары боордошторун издеп, Рахманкул ханды артынан ээрчиген эли хан кылып шайлашат [9]. Афганстанга барып кошулуп жашап калышат. Аларды советтик пресса “басмачылар” деп, чет элдик пресса “партизандык кыймыл” деп жазышты. “Конец басмачества” сыяктуу саясий кунөө койгон китептерде, четке кеткен качкын элдердин жат жерде аргасыз кун көрүп, суу ичкен жашоо шартын анализдеп, чындыкты жазуунун ордуна, бирбеткей жаманатты туудуруп, “өлгөндүн үстүнө көмгөн” кылып, “тап душманы”, “эл душманы” деген айып тагып, жаш муундарга жек көрсөтуп келишкен” [10].

Бул ырайымсыздык тоо жакаларындагы мусулман кыргыздарды үркүтүп, үрөйүн учуруп, Кеңеш өкмөтүн колдомок тургай, кайра кызыл террордон жашынып, качып кутулууга аргасыз кылган. Жек көрүү сезими күчөгөндөн күчөп, аларды “кайырдин каапырлар” атап, уруу-уруу, топ-топ бөлүп тоо таянып качкан. Ошондуктан, биз дагы, советтик идеологиянын камчысын чапкан авторлорго эмес, ошол памирлик кыргыздардын арасында жашап, иштеп келген адамдарга жана алардын тарыхый турмуш - тирилигин аралашып журуп изилдеген окумуштуу кишилерге көбүрөөк ишенебиз. Ошолордун айткандарына жана жазгандарына таянып, Рахманкул хан тууралу өз пикирибизди ортого салабыз.

Афганстандагы көңтөрүш, амирликтин кулашы, демократиялык өлкөнүн түзүлүшү, советтик аскерлердин өлкөгө кирүүсү жана көп жылдык жарандык согуштун башталышы Рахманкул хандын жана анын элинин башына оор тагдырды алып келди. Афган өкмөтүнүн бийлиги берген жерлерди жаңы бийлик кайрадан тартып алып, Афганстандагы кыргыздар жыл бою жайлоодо 4000ден ашуун бийиктикте калып калышкан. Ошондон улам Рахманкул хан 1978-жылы 280 түтүн эли (1300 адам) менен Пакистанга көчүүгө аргасыз болгон. Көчүп барган кыргыздар жаңы жердин аба-ырайынын ысыктыгынан улам өлүм-житимге көп дуушар болгон. Пакистанда калган кыргыздардын бир бөлүгү 1982-жылы Рахманкул хандын жетекчилигинде Түркия Республикасына көчүп, экинчи бөлүгү кайрадан Афганстанда калып кеткен кыргыздардын арасына көчүп келген.

1982-жылдан 2010-жылдын май айына чейин Кичи Памирдеги кыргыздарды Абдрашид хан башкарып келген. Ал эми Рахманкул хандын Кабулга барган учурда берген өзүнүн маалыматы боюнча бул челкемде жашаган адамдын саны “3000” ашуун болгон [11].

Р. Дордун жазганы боюнча “Рахманкул жети атасынан бери эл бийлеп келген бектердин тукумунан чыккан. Анын жети атасынан бери санасак: Жапаркул ажы, Кожожар, Касымбек, мүмкүн - Казыбек, Атамбек, Аналбектерди учуратабыз. Алардын арасынан Рахманкулдун чоң атасы Кожожар гана миң башы болгон эмес дешет. Бирок кандай болгон күндө да ал “Рахманкул”, хандык бийликти өзүнүн жеке сапаты, инсандык касиети керегөчтүгү жана билармандыгы менен алган [12].

Кеп төркүнүнө келсек, Рахманкул ханды айтканда Памирди, Памирди эстегенде сарыколчу кыргыздарды айтканга туура келет [13]. Азыр Афган памириндеги кыргыздар саны анча көп эмес, бирок кылымдар унутулуп акыркы жылдарда Кыргыз респупликасы жарандары демелгесин менен алака түзү башталган [14].

Мына ушундай көз караштан караганда, Совет бийлигинин учурундагы идеологдордун Рахманкулду “басмачы”, “бандит” “баш кесер” катары каралап жазгандары карандай калп жана эки жүздүүлүк болуп чыгат. Чындыкты бурмалаганы дароо көзгө урунат. Эгер заман өзгөрбөгөндө, өз көзү менен көргөнүн жазган эрди — зайып Шорлордун: “Кыргыздардын ханы абдан акылдуу, шартты дароо түшүнүп, туура чечим чыгарган, өз боюна тыкан, жарашыктуу кийинген адам экен” [15] деп жазганын окумак да эмеспиз, окусак да ишенбей калынат.

Рахманкул хандын Саясий Абалы: Чын эле Совет убагында Рахманкул хан тууралу карама - каршы пикирлер көп жазылды. Анын эң башкы себеби империялык идеологияга байланыштуу болгон. А чынында, ал кезде аны эч ким жакшы адам деп жаза алган эмес. Ал эми чет өлкөлүктөрдүн кээ бири негизинен ар кимден, ар каандай адамдардан уккандарын жазышкан. Аны билген адамдар аз гана болгон. Л. Строилов деген автордун жазгандары: “...анын саясий шылуундугу, ашкере даңк кууган ишмердиги афган парламентине (Лоя - Жирга) кирүүгө мүмкүнчүлүк берди да, парламент ишине 1964-жылдан баштап аралаша баштады” [16].

Курманжан Датканын балдары баш болгон алай кыргыздарынын көтөрүлүшүн жакшы билчу. Анан карапайым элге: орус баскынчыларына каршы күрөшкө көтөрүлүп чыккан кыргыздар менен кыпчактар “басмачылар” эмес, орустар өздөрү “басмачы эл”

экенин кайра - кайра жаны күйүп айткан. "Рахманкул хан аналитикалык ой жүгүртүүсү мыкты адам болгон. Ошондуктан ал өзүн ээрчиген элди баштап, Памирге алып чыгып кеткен. Таза, аман - эсен сактап калуу үчүн бир көчүш элине бүт өмүрүн арнаган. Эгер орус тийбесе, алар өз тирилигин өздөрү тынч өткөрүп жашай беришмек [17].

Ошондой эле Памирде жашаган кыргыздар, СССРдын кол салууларынан улам оор абалда болушкан. XX кылымдын башында, орустар Орто Азия мамлекеттерин басып алышып, бул жердеги адамдарды аябай кыйнап, өлтүрүшкөн. Эгер кээ бир адамдар өзүнүн улутун, элин, тарыхын колдошсо, аларга ар кандай аттарды коюп, мисалы "басмачы" дешкен. Чындыгында, кыргыздар басмачы болушкан эмес, тескерисинче, орустар басмачы болушкан жана Борбор Азияны басып алышкан болчу. Өзү басмачы деген сөз, элди же мамлекетти басып алуу дегенди билдирет. Борбор Азия эли эч качан Москваны басып алышкан эмес эле. Тескерисинче, орустар Борбор Азияны басып алып, бул жерлердин ээлерин басмачы деп аташкан [18].

2014-жылдын 26-октябрында Туркия Республикасынын Стамбул шаарына Жапаркул уулу Рахманкул хандын 100 жылдык мааракесине "Кыргызстандын атынан «Республика» фракциясынын жетекчиси Максат Сабиров, «КСДП» фракциясынын депутаты Абдыманап Кутушев, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин мурдагы ректору, илимпоз Сулайман Кайыпов жана башкалар катышты. Салтанаттуу иш-чарада Жапаркул уулу Рахманкулдун дипломатиялык мамилелерге кошкон салымы даңазаланып, улуу инсандын жашоосу тууралуу чакан көркөм тасма көргөзүлдү. Эске салсак, Рахманкул хан – саясий ишмер жана аскер адамы, Памирдеги андан кийин Пакистандагы жана акырында Түркиядагы кыргыздардын башчысы жана башкаруучусу болгон [19].

КРнын Жогорку Кеңештин депутаты Абдыманап Кутушев катышып шол сөзү сүйлөгөн. "Биз бул жерде кыргыздын чыгаан уулу, Кичи Памирдин карыядары, Памирдин Паспаниси - жалпы Памирдеги кыргыз түрктөрүнүн Ханы, кыргыздын акыркы Ханы - Рахманкул Хандын урматына топтолуп отурабыз. Советтик пропаганда убагында бизге маалыматты чектеп берчү, коммунисттик бийликтин идеологиясына ылайыктап берчү. Ошондуктан, биз көп нерсени өз убагында билбей калдык, аңдабай калдык. Андыктан, мен өзүм Алайда туулуп-өссөм дагы Рахманкул Хан жөнүндө бала кезимде үзүл-кесил гана маалымат укчумун. Кийин гана, Кыргыз мамлекети эгемендик алгандан кийин ал инсан тууралуу көбүрөөк биле баштадым. Рахманкул Хандын атасы Жапаркул миңбашы баласына сенин ататегин Алайдан болот дечү экен. Демек, улутубуз да, динибиз да, дилибиз да, жерибиз да бир экен. Ушул киши элди сактап калуу үчүн акылын, күчүн үрөп, жанын да, байлыгын да аябай, кыйынчылыктарга чыдап, керек болсо душмандары менен катуу тирешип жүрүптүр. Оогонстандын, Кытайдын, Пакистандын, Американын, Түркиянын бийлик өкүлдөрү менен бийик деңгээлде мамиле кылып, сүйлөшүүлөрдө өз элинин кызыкчылыгын коргоп келиптир.

Бул да болсо Кудайдын берген жазмышы го - багымсыз Кыргыз мамлекетинин пайда болушуна бир жыл калганда келгис сапарга кетти. Бир кезде Жапаркул миңбашыны, башка кыргыз төбөлдөрүн ээрчиген миңдеген памирлик кыргыздар акырындап өз мекенине, Кыргызстанга кайта баштады. Башкача айтканда көч дале болсо уланууда. Ушул тапта жүздөгөн памирдик мекендештерибиз, ошол эле Рахманкулдун балдары, неберелери азыр Кыргызстандан, ата конушу Алайдан, айрымдары Бишкектен орун-очок алып, эл кандай жашоо кечирсе, ошондой турмушта жашап жатканын белгилей кетели [20].

Рахманкул хандын жасоосу жана анын саясий абалын кыскача жазганда:

- ❖ Рахманкул Хан 1913-жылы саратанда (август айында) азыркы Тажикстандын Памириндеги Мургап районунун Тамчы-Жар кыштоосунда туулган.
- ❖ 1942-жылы августта Рахманкул менен атасы Жапаркул миң башыга Советтик чек-арачылар Памирде уу ичиришкен.
- ❖ 1943-жылы саратанда (августта) атасы ошол уудан жапа чегип өлгөн.
- ❖ 1948-жылы саратанда (августта) Советтик чекарачылардын, чекисттердин кысымынан Кытайга качкан.
- ❖ 1950-жылы саратандын (августтун) аягында Ооганистандын Падшасы Закир Шахтын чакыруусу менен Кичи Памирге кайткан жана элдин өтүнүчү менен кайрадан Кариядар (Эл Башчы) болуп дайындалган.
- ❖ 1960-жылы августтун аягында Памирде кыргыз түрктөрү аймактагы дагы көптөгөн башка улуттардын башчылары жана өкүлдөрү катышкан чоң жыйында Рахманкулду Ак кийизге отургузуп, Хандыктын жол жобосу боюнча ХАН көтөрүшкөн.
- ❖ Рахманкул Хан 1990-жылдын 6-августунда Түркиянын Арзурум шаарынын ооруканасында түнкү саат экиде көз жумган. Ал 8-августта түш чендерде Түркиянын Ван областындагы Эржиш районунун Улуу-Памир айылындагы мүрзөгө коюлган. Тажиясы 5 күнгө созулган.
- ❖ Рахманкул Хан 4 аял алган. 1-аялы Мургаптын Шаймак айылынан болгон. Балалуу боло электе ажырашып кетишкен. 2-аялы төрт балалуу болгондон кийин Кичи Памирде ооруп өлгөн. 3-жана 4-аялдары азыр Түркияда жашап жатышат. Кийинки үч аялынан 9 уул 2 кыздуу болгон (11 бала).
- ❖ Бир тууган иниси Субанкул менен бир тууган карындашы Мария Түркияда каза болушуп, Рахманкул хандын жанына коюлушкан. Ошондой эле чоң уулу Абдивакил жана үчүнчү уулу Малик да ооруп каза болушуп атасынын жанына коюлган [21].

Жыйынтыктап айтканда Рахманкул Хан – бул кыргыз. Өз элинин башында турган акылман кыргыз. Душмандарына каршы күрөшүп келген баатыр кыргыз. Улуттук каада-салтты, адеп-ахлакты, элдин наркын, генофондду сактап келген Хан, Кыргыз Ханы. Кылымдарга, урпактарга даңктала турган кыйын инсан. Бул кишини түбөлүк эстеп жүрөлү, анын өмүрүнөн таалим-сабак алалы. Азыркы кезде кыргыз эли кайрадан жанданып, өз боордошторун таап, бир тууган элдер менен, Ала-Тоодон чыккан бир тууган түрк эли менен бирдикте келечекке умтулуп жатат [22].

XX кылым боюнча, Рахманкул хан өз элин тагдырын аман-эсен сактап каалуу максатында, Оогонстандын, Кытайдын, Пакистандын, Американын, Түркиянын бийлик өкүлдөрү менен бийик деңгээлде мамиле кылып бийлик өкүлдөрү менен бийик деңгээлде мамиле кылып, өз элинин кызыкчылыгын коргоп келген Памирдин кыргыздарынын паспаны болгон бир дипломат. Кудайдын берген жазмышы багымсыз "Кыргыз мамлекетинин" пайда болушуна бир жыл калганда келгис сапарга кеткен кыргыздын акыркы ханы.

***Адабияттар***

1. Абдыманап Кутушев, ЖК депутаты: «Рахманкул хан өрнөк болчу адам, анын өмүрүнөн таалим-сабак алалы", (http://inter.kg/sobytiya-dnya/7809), 04.11.2014.
2. ДавутЭгемкулов, Рахманкул хан - ортоазиянынакыркы ханы,http://www.sary-kol.ru/stati/etnikalyk-kyrgyzdar/rakhmankul-khan-orto-aziianyn-akyrky-khany.html, 05.09.2013.
3. Ибраимов О., Рахманкул хан, же азапка туулган кыргыздар, Азаттык, http://www.azattyk.org/content/kyrgyzstan_history_rakhmankul_khan/24671479.html, 09.08.2012.
4. “Кыргыз тарыхы”, энциклопедия, Бишкек, 2003-жылы.
5. Реми Род, “Ооган Памириндеги Кыргыздар: Тарыхый-этнографиялык баян”, Бишкек, 1993-жылы.
6. Кыргыз Республиккасынын Тышкы Иштер Министирлигинин Казы Дыйканбаев Атындагы Дипломатиялык Академиясынын “Жарчысы”, ISSN1694-7207, № 5, Бишкек, 2015-жылы
7. “Кыргыз Бутагы Коомдук Фондунун Памир сапарындагы статистикалык изилдөөсүнүн рапору, 2013-жылы.
8. “Республика” фракциясынын катчылыгы, http://inter.kg/sobytiya-dnya/7665-deputattar-maksatl, 18.10.2014.
9. Турал Б., Жаманкулова А., “Рахманкул хан жана анын мезгили”. - Б.,- 2013.